## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2014-жылдын ноябрь айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион өткөрүлгөн. Мамлекеттик казына облигацияларынын (мындан ары МКО) жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 8,2 пайызга төмөндөө менен 236,0 млн сомду түзгөн. Суроо-талаптын көлөмү 551,0 млн сомду (+0,69 пайызды) түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 2 жылдык МКОну жайгаштырууну уланткан, ошондой эле 5 жылдык МКО сатуу башталган. Мында, 2 жылдык МКОнун сатылышы 46,7 пайызга, 128,4 млн сомго чейин төмөндөгөн, бул рыноктун катышуучулары тарабынан суроо-талаптын бир аз төмөндөшүнөн улам болгон. 5 жылдык МКОнун сатылышы 60,0 млн сомду түзгөн. Натыйжада канааттандырарлык суроо-талаптын деңгээли 3,6 п.п. төмөндөп, 34,2 пайызды түзгөн.

МКОнун бардык түрлөрү боюнча орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү, сатылган 5 жылдык баалуу кагаздардын эсебинен ай ичинде 1,0 п.п. көбөйүү менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 16,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Ноябрь айында 2 жылдык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдын деңгээлиндегидей калган боюнча 14,5 пайызды, 5 жылдык - 19,3 пайызды түзгөн.

**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү ай ичинде 7,2 млрд сомго чейин (-0,1 пайызга) төмөндөгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын - институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 0,4 пайыздык пунктка (52,9 пайызга чейин) төмөндөшү байкалган. Ал эми

коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескеринче 0,4 п.п. көбөйүп, 47,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактар резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталып турган. Резидент эместер байкоого алынган мезгил ичинде аталган баалуу кагаздарга ээ болгон эмес.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,31 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.12.2013 | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.01.2014 | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.02.2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% | 90 000,0 | 1,6% |
| 01.03.2014 | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2% | 2 371 967,9 | 43,7% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.04.2014 | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0% | 2 836 967,9 | 48,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.05.2014 | 6 404 580,0 | 2 939 877,8 | 45,9% | 3 459 002,2 | 54,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.06.2014 | 6 826 480,0 | 3 161 885,4 | 46,3% | 3 658 894,6 | 53,6% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.07.2014 | 7 081 360,0 | 3 195 535,4 | 45,1% | 3 880 124,6 | 54,8% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.08.2014 | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 46,3% | 3 788 864,6 | 53,6% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.09.2014 | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1% | 3 903 218,7 | 55,8% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.10.2014 | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0% | 3 883 147,5 | 53,9% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.11.2014 | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6% | 3 853 999,6 | 53,3% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| 01.12.2014 | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0% | 3 821 476,6 | 52,9% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |

[1] Бул индекс банк портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанини камтыйт. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө эки катышуучунун; ал эми 0,3 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.